УДК 316.485.2

# БЕЙӨКМӨТ УЮМДАРЫНЫН ЖАМААТТЫК ДЕҢГЭЭЛДЕГИ ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ АЛДЫН АЛУУ ЖАНА ЖОЮУДАГЫ КЫЗМАТТАШУУСУ
# СОТРУДНИЧЕСТВО НЕПРАВИТЕЛЬСТВЕННОЙ ОРГАНИЗАЦИИ НА УРОВНЕ МЕСТНОГО СООБЩЕСТВА ПО ПРЕДОТВРАЩЕНИЮ КОНФЛИКТОВ
# THE COOPERATION OF NON GOVERNMENTAL ORGANIZATIONAL ON THE LOCAL LEVEL PREVENTION OF CONFLICTS

***КалиевА.С.***
***«Ынтымакжарчылар» тобунунжетекчиси,***
***ЖАМУнуниздендүүчүсү, e-mail: azakaliev38@mail.ru***

*Аннотациялар:Бул макала бейөкмөттук уюмдарынын «Ынтымак жарчылары»нын жарандык коом арасында түзүлгөн ар кандай багытта болуп жаткан чыр-чатактарды жайгаруудагы баскан жолунан маалымат берет. Коомдоштуктар менен бейөкмөт уюмдарынын ортосундагы байланыштын актуалдуулугун аныктайт.*

*Данная статья о Вестниках Мира, которые помогают предотвращению разного рода конфликтов в обществе. Этоопределяетактуальностьвзаимоотношенияобществаинеправительственныхорганизаций.*

*ThisarticleisaboutthePeaceMessengers, whichhelptopreventconflictsinsociety. This determines the relevance of the relationship between society and non-governmental organizations.*

Башка постсоветтик республикалардай эле Кыргызстанда да коомду демократиялаштыруу стратегиясынын маанилүүсү жарандык коомду куруу болуп саналат. Батыш мамлекеттериндеги либералдык-демократиялык моделдеги демократияда бейөкмөт уюмдар жарандык коомду куруунун негизги булактарынын бири катары каралат. Аталган уюмдар реформалардын ишке ашырылуусуна өкмөттө либералдаштыруу, коомчулукту маалымат менен камсыз кылуу жана жамааттар менен иш алып баруу аркылуу өбөлгө түзүп келүүдө. Кыргызстандагы БӨУдар өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда маанилүү ролду ойнойт.

Кыргызстанда алгачкы убактарда пайда болгон БӨУдар ишмердүүлүгүнүн так багыттары аныкталбаган, конкреттүү бир проблеманы чечүүгө багытталбагандыгы менен айырмаланат. Мында негизги максат БӨУдарды коомдук уюм катары таанытуу болгон. 1999-жылдан баштап БӨУдарды институционалдаштыруу аяктаган, б.а. ишмердүүлүк чөйрөлөрү аныкталган. Мисалы, гендер, балдар, жакырчылык маселеси, дин, экология, коррупциянын алдын алуу ж.б. БӨУдардын кызмат корсөтүүсүндө укуктук кызмат көрсөтүү, мониторинг жүргүзүү, тренингдерди өткөрүү да каралган. Албетте эл аралык донорлор жана уюмдар бул багытка көптөгөн каражаттарды жумшашкан. Негизги максаты жергиликтүү уюмдарды эл аралык стандартка салуу жана усулдарын үйрөтүү болгон.

2008-жылдын 21-майына карата Кыргызстанда 11305 БӨУлар катталган. Эксперттердин баамы боюнча 2004-жылы БӨУдарынын секторунда туруктуу 20 миң киши, убактылуу шартта 10 миңге чейин эксперттер, 8 миң ыктыярдуулар иштешкен. Башка маалыматтар боюнча БӨУ секторунда 100 миң киши эмгектенет же өлкөнүн ишке жарамдуу жарандарынын 5 пайызын тузушот[1-3]

5 миллиондон ашуун калкы бар Кыргызстанда 14 миңден көбүрөөк жарандык коомдун уюмдары бар. Алардын ичинен 8 миңден көбү бейөкмөт уюмдар[1-15]. Кээ бир

маалыматтарда Кыргызстанда бүгүнкү күнү мыйзамдуу катталган 16000 ден ашуун Бейөкмөт уюмдары бар, ар дайым иштегени 500дөн ашуун.

Катталган уюмдардын негизги багыты киреше табуу болуп эсептелбейт. Жергиликтүү коомчулук БӨУдарды эмгек маянасы жакшы, мекемелери жакшы жабдылган грант алуучу уюм катары таанышат.

Акыркы учурларда жарандык коомдордун ролу жана орду тууралуу маселе көптөгөн БӨУдардын талкуусунун негизги темасына айланган. Бул багытта 2005-2007-жылдары БӨУдардын Улуттук форуму өткөрүлгөн. Негизги максаты жаңы саясий шарттарда өз программаларын аныктоо донорлор жана мамлекет менен позицияларын жөнгө салуу болгон. Айрым БӨУдардын өкүлдөрү мамлекет менен кызматташпаган көз каранды эмес уюм катары калууну каалашкандыктарын билдиришкен.

Социалдык маселелерди чечүүдө БӨУдар менен мамлекеттик структуралардын өнөктөштүгү мыйзам менен бекитилген. 2004-жылдын 25-мартында КРнын өкмөтүнүн № 200 Токтому менен "БӨУдар менен мамлекеттик бийлик органдарынын кызматташуусу боюнча Концепция бекитилген. Бул концепция коомдун социалдык проблемаларын чечүүдө БӨУдар менен мамлекеттик коомдук структуралардын биргелешкен аракеттеринин жолдорун аныктайт. Томонку милдеттер коюлган:

-БӨУдар менен кызматташууну бекемдөө;

-Социалдык маанилүү маселелерди чечүүгө БӨУдарды тартуу;

-Мамлекеттик сектор менен БӨУдардын интерактивдүү кызматташуусу үчүн - консультацияларды уюштуруу;

-БӨУларга информациялык, маалыматтык, усулдук, уюштуруучулук-техникалык жардамдарды берүү;

-Мамлекеттик социалдык заказ аркылуу БӨУдардын көмөктөшүүсү[2]. БӨУдарды мамлекеттик колдоонун негизги принциптери жана формалары: мыйзамдуулук, өнөктөштүк, айкындуулук, макулдашуучулук жана жоопкерчилик болуп саналат.

Улуттар арасындагы ар кандай чыр-чатактар жана келишпестиктерди алдын алууда жарандык коом менен жергиликтүү бийликтин кызматташуусунун ,биргелешип иш алып баруунун аздыгынан, социалдык, экономикалык көйгөйлөрү чечилбестен калып жатат. Бул багытта айрым бейөкмөт уюмдар иш алып барышууда. Алардын катарында 2011-жылы Жалал-Абад, Ош жана Чүй облустук мамлекеттик бийлик, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму (ЕККУ)нун Ош шаарындагы жана Бишкектеги уюмдары жана «Ирет»,«Аймира» жана «Алга» коомдук уюмдары тарабынан уюшулган «Ынтымак жарчылар» уюму бар. Аталган уюм алгачкылардан болуп Жалал-Абад облусунда 4 шаар 6 райондо, Ош облусунда 7 район Ош шаарында 8, Чүй областында 9 районунда коомдук башталышта уюшулган[3]. Курамы аксакалдар, жаштар лидерлери, аялдар, кадыр барктуу инсандар, дин уюмунун имамдары, укук коргоо органынын өкүлдөрүнон жыйналышкан.

Долбоор Ош шаарындагы ЕККУ тарабынан колдоого алынган, жана жергиликтүү мамилени, менталитетти эске алуу менен «Ынтымак жарчысы» болуп тузулду. Тренинг учурунда шарттуу оюндар уюштүрүлуп , кырдаалды жөнгө салууга мүмкүн болгон багыттардын болжолдуу мүмкүнчүлүктөрү иштелип чыгылды. 2010- жылда аймагыбызда болуп өткөн кайгылуу окуядан кийин чыр чатактарды алдын алуу жана конструктивдүү диалог түзүүгө өбөлгө түзүү максатында ар бир район шаарларда 22 мүчөдөн турган «Ынтымак жарчылары» тайпалары түзүлгөн. Долбоордун максаты: «Ынтымак жарчылары» тайпаларын түзүү жана потенциалын жогорулатуу аркылуу коом арасында чыр чатактуу жагдайларды аныктоо жана таасир көрсөтүү менен жергиликтүү бийлик органдарына жана жамаатка көмөктөшүү. Ынтымак жарчылары белгилүү критерийдин негизинде тандалып алынган өз жамааттарына таанымал, урматтуу инсандар. 2011 жылы Россиялык тренер-конфликтолог Антон Ивановдун тренингдеринен,

2012-жылы Американык тренер-конфликтолог Ким Айрис Туугуд тарабынан, 2013 жылы Россиялык тренер-конфликтолог Антон Ивановдун тренингдеринен медиациянын (ортомчулуктун, элдештирүүнүн, жараштыруунун) усулдарын колдонууну семинар тренингдерден окуп үйронүшүп өздөрүнүн турмуштук тажрыйбасын жогорулатышты.

«Ынтымак жарчысы» элдештирүү аракеттерин калыс түрдө, эч бир тарапка тартпастан жана эки тараптын кызыкчылыктарын бирдей эске алуу менен жүргүзөт. Мындай тажрыйбалардын тарыхый тамыры теренде экендиги белгилүү. Дүйнөлүк тажрыйбада анын айкын мисалдары бар. Алсак, байыркы Кытайда Конфуцийчилер жана Буддисттер сыяктуу илгерки маданияттардын ортосунда ар дайым конфликт болуп келгендиктен, алар конфликтти чече турган бир адамды шайлап алышкан. Римдиктердин коомунда чатакташып жатышкан тараптардын ортосунда ары-бери чуркап, тынчтыкты сактоо убадасын алуу үчүн товарлар менен кызматтарды сунуш кылган «сурамчы» деген кесип болгон. Убакыттын өтүшү менен, калктын саны көбөйүп, атайын шайланган адамдар бардык конфликттерди жайгара албай калышкандыктан Хаммурапи Кодекси кабыл алынып, Магна карта граматасына кол коюлгандан кийин, жогоруда айтылган даанышман адамдар үчүн атайын мыйзамдар жазылып, расмий кызмат орундар түзүлгөн[4]. Медиация Вольфгандын эл аралык медиация стандарттары жонундо, б.а 1680-жылдары жазган текстинен башталган. Түпкү америкалыктар чыр-чатактарды жайгаруу жол жоболорун Америкалык оторчулар келгенге чейин эле колдонуп келишкен. Америкалык отурукташуучулардын дагы чыр-чатактарды жайгаруу ыкмалары болгон. Медиация боюнча адистердин айтымында, эң алгачкы чыр-чатактарды жайгаруу жол-жобосу, Джордж Вашингтондун көзу өткөндон кийин анын ордун басуучулардын ортосунда чыр-чатактарды жайгаруу үчүн анын керээз катындагы арбитраждык эскертмесинде колдонулган. 1913-1947-жылдар аралыгында АКШнын өкмөтү жарандык мыйзамдардын башка жааттарында эмгек чөйрөсүндө конфликттерди чечүү ыкмаларын кабыл алган. Федералдык медиация жана элдештирүү кызматын түзүп чыгышкан. Толук күн иштеген медиация адистерин түздөн-түз эмгек бөлүмүнүн катчысы ишке кабыл алып, 1913-жылы «Элдештирүү комиссары» деген кызмат орундарына дайындалган.

Салттуу кыргыз коомунда инсандар арасындагы, уруулар аралык же болбосо турмуш тиричиликтик жаңжалдар аксакалдардын катышуусу менен чечилип келгендиги маалым. Мындай иш чаралар постсоветик мамлекеттерде да колго алына баштаган. Россия Федерациясынын 2010-жылдын 27-июлундагы №193-л Мыйзамында алтернативдик жол менен чыр-чатактарды медиациянын усулдары менен жөнгө салуу кабыл алынган[5]. Армения Республикасынын Президенти тарабынан 2012-жылы 30- июнда кабыл алынган буйрук чыр-чатактарды жөнгө салууда, алтернативалуу жол катары кабылданууда. Бул багытта «Ортомчулардын катышуусу менен жараштыруу процедурасы жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган. Аталган мыйзам коомчулук арасында ортомчулукту уюштүрүү, принциптери ортомчулукту өткөрүү процедураларын жана медиаторлордун статусун жөнгө салат[6].

Элдештирүү аракеттерине даярдык көрүү же өткөрүү учурунда «Ынтымак жарчысынын» көз карандысыздыгына таасир тийгизген же кызыкчылыктардын кагылышуусун жараткан жагдайлар пайда болгон кездерде (*талаш-тартыш учурлардагы жеке кызыкчылыктардын пайда болушу, элдештирүү аракетинин катышуучуларынын ортосундагы тууганчылык же кандайдыр бир жакындыктар байкалган учурларда*), же кандайдыр бир себептерден улам «Ынтымак жарчысы» араздашкан тараптарга калыс, бейтарап мамиле кыла албай калган учурларда «Ынтымак жарчысы» элдештирүү аракеттерин токтотот жана бул жагдай тууралуу өзүнүн тайпа жетекчисине жана араздашкан тараптардын өкүлдөрүнө маалымат берет. Андан соң алар менен элдештирүүчүнү алмаштыруу же ошол курамда уланта берүү боюнча талкуу

жүргүзүлөт. Эмне болгон учурда да, тараптардын чечимине карабастан «Ынтымак жарчысы» элдештирүү аракетинен баш тартууга укугу бар же акылуу.

Учурда Ош шаарында иш алып бараткан эл аралык өкмөттүк эмес уюм «InternationalAlert» коомунун иш багыты дүйнө элдериндеги чыр-чатактардын алдын алуу. 1980-жылдары «Кансыз согуш» эпохасы мамлекеттер арасында акырындап өчүп, согуштун башкача түрү, «граждандык согуш» күчөй баштаган мезгилде Улуу Британия мамлекетинин Лондон шаарында уюшулган. Аталган уюм өз ишин Африкада, Кавказда, Борбордук Азия мамлекеттеринде, Түштүк Америкада, Шри-Ланкада, Непалда, Филиппинде иш алып баруууда. Түштүк Кыргызстанда ЕККУ менен биргеликте тренингдерди каржылоо иштерин уюштурду[8].

2010-жылдын июнь айындагы коогаландан кийинки турмуш өз калыбына келгени менен дагы да болсо кооптонуунун элементтеринин бар экендиги аналитик социолог, ф.и.д, профессор А.Б. Элебаеванын 2011–жылдын11- майында берген интернет булактарындагы «Тирешуу дагы да көмүскөдө тургансыйт[9]» макаласында кенири баяндалган.

2012-жылдагы «Регионалдык изилдөө институту» тарабынан АУП КРдин кафедра башчысы, аналитик социолог ф.и.д., профессор А.Б.Элебаеванын, жана Регионалдык изилдөө институтунун директору А.Р. Алишевалар тарабынан жүргүзүлгөн аналитикалык отчеттун резюмесинде «2010-жылдагы улуттар аралык коогаландын чыгуусуна, республикадагы саясый туруксуздук себепчи болгон[9]» деп таамай көрсөтүлгөн. Изилдөөлор корсөткөндой чыр-чатактан кийинки жөнгө салуу жумуштарынын жыйынтыктары, келечеги мамлекеттик органдын идеологиялык саясатынан, Борбордук Орто Азия мамлекеттеринин ички-тышкы саясатына да көз карандылыгы байкалат.

Ынтымак жарчыларынын этикалык кодекси чыр чатактарды алдын алууга жана чечүүгө, тынчтыкты жана ынтымакты бекемдөөгө багытталган иш чараларды өткөрүү учурундагы «Ынтымак жарчыларынын» нравалык-этикалык нормаларын жана жүрүм турум эрежелерин аныктайт[10]. «Ынтымак жарчыларынын» ишмердүүлүгүнүн максаттары жана принциптери, коомдогу тынчтыкты жана ынтымакты бекемдөөгө салым кошуу, миссиясынын маанилүүлүгүн түшүнүү менен өзүнүн ишмердүүлүгүн ыктыярдуу түрдө жана акысыз негизде ишке ашырат. «Ынтымак жарчылары» бийик моралдык-нравалык баалуулуктарды алып жүрүүчү болуп саналат. Өзүнүн ишмердүүлүгүндө төмөнкү принциптерди сактайт. Өз алдынчалуулук укугу, калыстык, бейтараптуулук жана катышуучуларга сый мамиле жасоо, сыр сактай билүү, ачык-айкындуулук, жоопкерчиликтүүлүк, ак ниеттүүлүк жана дараметтүүлүк. «Ынтымак жарчысы» элдештирүү аракеттерин калыс түрдө, эч бир тарапка тартпастан жана эки тараптын кызыкчылыктарын бирдей эске алуу менен жүргүзөт. «Ынтымак жарчысы» чыр чатактарды чечүү аракеттериндеги катышуучулардын сыр сактоо боюнча ченемдүү күтүүлөрүн каалоолорун эске алат жана аларга сый мамиле жасайт. Тараптардын сыр сактоо боюнча күтүүлөрү/каалоолору каралып жаткан маселенин жагдайларынан жана тараптар өздөрүбекиткен келишимдерден көз каранды. «Ынтымак жарчысы» макулдашылган сыр маалыматты ачыкка чыгарууга эч кандай укугу жок, кээ бир гана учурларда: эгерде тараптар маалыматтын ачыкка чыгарылуусуна каршы болбогондо же «Ынтымак жарчыларынын» тайпаларынын ишмердүүлүгү тууралуу Жобонун негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык тиешелүү органдарга маалымат билдирүү зарылчылыгы пайда болгон учурларда гана андай укукка ээ болот. Ылайыксыз жүрүм-түрүм деп төмөнкүлөр саналат: адепсиз уят сөздөрдү колдонуу; башка бирөөнүн кыжырын келтиргендей же ага коркунуч жаратканддай мамиле жасоо; коркутуп үркүтүү же кысым көрсөтүү; чыр чатакты ырбаткан ушак кептерди, имиштерди жайылтуу.

Ынтымак жарчылары 2011-жылдан бери өткөрүлүп келген практикалык машыгуулардан, кризистик жагдайларда иштоонүн негизги ыкмаларын үйрөнүп келишет

жана өз жамааттарында чыр чатактардын чыңалуу булактарын аныктоо жана чечүү үчүн кичи долбоорлорду ишке ашырууда. 2011-жылы шаарыбыздын Ленин көчөсүн кеңейтүү боюнча Ленин көчөсүнун тургундары менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. 2012-жылы Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму, Жалал-Абад шаардык мэриясы тарабынан колдого алынып аралаш улуттун өкүлдөрү жашаган Чынгыз Айтматов аймактык башкаруусуна балдар аянтчасы курулду. Бир канча жолу практикалык машыгуулар өткөрүлүп Ынтымак жарчыларынын иштөөсүнө баа берилди.

Бүгүнкү күндо чатакташкан тараптар кандай жол менен көйгөйлөрүн чечип алышканы коомчулукка маалым эмес. Канчалык денгээлде көйгөйлөр чечилип жатат? Жарашууга барган тараптарга медиациянын усулдары колдонуп жатабы же коррупциялык жол менен сатылып алынуудабы? Коомчулук арасында укук коргоо органынын адистерине терс дооматтар коюлуп келүүдө, жана коррупционер деген түшүнүк айтылууда. Укук коргоо кызматынын адистери көпчүлүк учурда катуу кысым көрсөтүүгө чейин барып, сот органдарына өткөрүүгө мажбур болушат. Тараптар макул болбогон учурлар четтен саналат. Жыйынтыгында сот органдарынын да жумуштары көбөйүп, коом арасында нааразычылыктарды жаратып, бийликке болгон ишенимди төмөндөтүүгө алып келүүдө.

Ынтымак жарчылары» коомдун активдүү патриот инсандары. Коомдук башталышта, инсандык сапатын жогору койгон инсандар иш алып барышууда. Коом арасында ынтымакты, биримдикти, тынчтыкты сактоого өз салымдарын кошууга даяр турган активисттер. Иш тажрыйбадан Улуттук менталитетке ылайык Аксакал тартибинин уюткулугу бар экендиги талашсыз. Тажрыйба алмашууларда «Ынтымак жарчылары» сүйлөп жатканда чынында эле ошол көйгөйгө берилип, ичине кирип аралашып, турмуштук тажрыйбасынан зээңи кейиген инсандар калктын ынтымагы менен биримдигине салым кошууга даяр коомдун өкүлдөрү. Айласыздан Советтик доордун убагында улуттук идеологиянын өсүүсүнө көп кедергисин тийгизген таасирлерди эске салууга туура келет. Мисалы: улуттун Түпкүлүгүндо жаткан, пайдаланылып келген «аксакал» түшүнүгү. Менталитетте айылдын калкына баш-көз, сөзу өтүмдүү, көрөгөч, калкка үлгү, калыс, эч качан терс көрүнүштөргө барбаган, эл алдында жүзү жарык инсанды аташкан. Башка кишилерди карыя, абышка, чал, киши ж.б деп кайрылышкан. Унутулуп бараткан улуттук идеология бүгүнкү күнү жанданып, жарандык коом арасына жаңы жанылык болуп кабыл алынууда.

Аймак гезитинин 26-августтагы №24 санында жарыяланган макалада Жалал-Абад шаарынын «Ынтымак жарчылар» тобунун жетекчиси А.Калиев мындай дейт: коом арасында мурда кийин катыша албаган, же болбосо “менин ишим эмес” деп кетип бараткан инсандар коомго үлгү боло баштадык. Жарандык коом арасында үй-бүлөөлүк, кошуналар арасында, коом арасында майда барат талаш-тартыштарды жөнгө салууга аралашып калдык. Тренер-медиатор катары Шаардын 22 «Ынтымак жарчысына» алган билим тарбияны таркатып жатабыз. Квартал сайын пландап айына 2 жолу шаардын «Ынтымак жарчылары » менен биргеликте кайсы кварталдык комитетте биргелешип чечүүну талап кылган маселени шаардык мэриянын уюштүрүу бөлүмүнүн башчысы, жергиликтүү бийлик тараптан куратору Мустапакулова Маликанын, Аксакалдар сотунун төрагалары, аялдар кеңеши, участковый милиция өкүлдөрүнун катышуусу менен биргелешип чечүүгө багыт берип келе жатабыз. 2013-жылы шаардык мэрияга кайрылып, 9000 сомго Токтогул паркына «Жарашуу отургучу» орнотулду. Отургучтун өзгөчөлүгү жазуусунда, улутуна,онү-түсүнө, жынысына, жашына, дин ишенимине эч кандай бөлүнбөстөн, сөзун окуган инсандар өздөрүнө бир жылуулукту, сезип жатышканын айтышат. Кошуналар, үй-булөөлүк, жумуш ж.б. багытта тартышып калышкан инсандар көпчүлүктүн буйүрүн кызыткан «жарашуу отургучуна» келишип мамилелерин жайгарышып жатышат.

Аксы районунун «Ынтымак жарчы»лар тобунун жетекчиси Маматалиев Нурмамат: «Райондо үй-бүлөөлүк, жер боюнча, суугат суу, чек ара маселелери боюнча болгон ар кандай багыттагы наарazычылыктарга райаким баш болуп бизди чакырып калды. Алгачкы натыйжалар жемишин бере баштады. Бул саамалыкты мындан да улантып коомчулукка кенен жеткирип алсак, элибиздин бейкуттугун сактоого кошкон зор салымыбыз болоор эле».

Канткен менен дагы «ийгиликтин эрте кечи жок» дегендей, дегинкиси ушул уюштурулган «Ынтымак жарчылар» институттарын жергиликтүү бийлик, жарандык коом тарабынан мамлекетибиздин келечегине он максатта колдонуу -бул баарыбыздын милдетибиз болуп турат.

Адабияттар:


1. Кыргызстан на современном этапе развития: Аналитические заметки: Гражданское общество, миграция, ислам, коррупция. – Б., 2008. – 35-б
2. www.gov.kg
3. Постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Концепции сотрудничества между общественными объединениями, общественными фондами (неправительственными организациями) и органами государственной власти Кыргызской Республики»
4. Положение «О деятельности Вестников Мира» 2012ж.
5. Научно-практический комментарий к Федеральному закону от 27,042010ж №193-ФЗ
6. Конституция КР
7. Вечерний Бишкек - Айнура Элебаева: Напряжение висит в вөздухе members.vb.kg/2011/05/13/poliet/1.html
8. Проект закона о медиации в КР
9. Пути к этническому миру в Кыргызстане. Под редакцией А.Р.Алишева Бишкек 2012жыл
10. Этнополитическая ситуация в России и сопредельных государствах, 2008г, М,РАН,2009


Рецензент: Авазов Э.А. - тарых.и.к., доцент